"Каралды "

Усулдук бирикмеде

кеңешмесинде

05.09.2024

"Бекитемин"

директор : Т.Ботобеков

06.09.2024

Чаткал районундагы №46-Клинин тарбиялык сабактар боюнча усулдук бирикмесинин 2024-2025-окуу жылындагы

I жарым жылды үчүн

**ИШ ПЛАНЫ**

| К № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Аткаруу мөөнөтү | тайпасы | Аткарат |
|---|---|---|---|---|
| сентябрь | Иш планды бекитүү | 06.09.2024 | | Г.Чыналиева |
| октябрь | Тарбиялык саат<br>Ачык саат | 23.10.2024 | 1/24 | Ж.Озокеева |
| ноябрь | Тарбиялык саат<br>Ачык саат | 20.11.2024 | 1/23 | Алимбеков Т |
| декабрь | Тарбиялык саат<br>Ачык саат<br>Жыл жыйынтыгын чыгаруу | 18.12.24<br>14.12.2021 | 1-2 курс | Г.Алибекова<br>Г.Чыналиева |

Тарбиялык сааттар боюнча усулдук бирикме жетекчиси Г.Чыналиева

Сканировано с CamScanner

"Каралды "
Усулдук бирикмеде
Кеңешмесинде

11.01.2025

"Бекитемин"
№46-клдин директору Т.Ботобекоа

11.01.2025

Чаткал районундагы Чаткал районундагы №46-КЛинин тарбиялык сааттар боюнча усулдук бирикмесинин 2024-2025-окуу жылындагы II-жарым жылдыгы учун

ИШ ПЛАНЫ

| К № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Аткаруу мөөнөтү | тайпасы | Аткарат |
|---|---|---|---|---|
| январь | Иш планды бекитүү | 14.01.2025 | | Г.Чыналиева |
| февраль | Тарбиялык саат<br>Ачык саат | 5.02.2025 | 2/24 | Р.Базаралиева |
| март | Тарбиялык саат<br>Ачык саат | 07.03.2025 | 4/24 | Б.Өскөнбаев |
| апрель | Тарбиялык саат<br>Метод жанылык | 09.04.2025 | 3/24 | М.Беккулиев |
| май | Тарбиялык саат<br>Ачык саат | 07.05.2025 | 1/23 | Г.Алибекова |
| июнь | Тарбиялык саат<br>Жыл жыйынтыгын чыгаруу | 26.06.2025 | 1/24 | Каратаев Ш<br>Г.Чыналиева |

Тарбиялык сааттар боюнча усулдук бирикмесинин жетекчиси: Г. Чыналиева

Сканировано с CamScanner

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ БАШТАЛГЫЧ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ БАШКАРМАЛЫГЫ №46-КЕСИПТИК ЛИЦЕЙИ

# Тарбиялык саат

Тема 21-февраль – Эне тил күнү

Даярдаган : Базаралиева Радха

2024-2025-окуу жылы

Сканировано с CamScanner

## № сабак
## 21-ФЕВРАЛЬ – ЭНЕ ТИЛ КҮНҮ

**Сабактын максаттары:**

- Эне тил күнүнүн белгиленип калыш тарыхы, булактардан маалыматтарды берүү.
- Мекен алдындагы алардын жоопкерчилигин арттыруу, атуулдук сезимдерин ойготуу, эне тилин сүйүүгө, сактоого умтулуу;
- окуучунун ар түрдүү шык жөндөмдөрүн өстүрүү, өз оюн эркин айтууга үйрөтүү.

**Сабакта колдонулуучу дидактикалык каражаттар:** көркөм китептер, сүрөттөр, кыргыздын улуттук буюмдары, улуттук кийимдери, тамак-аштары, макеттер ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

Сабак Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили – Кыргыз тилинин Гимнин аткаруу менен башталат.

**Алып баруучу:** Урматтуу бүгүнкү аземдин катышуучулары! «Эне тилсиз эл болбойт», «Эне тили – эне сүтү менен тең», - демекчи, Эне тилибизди даңазалоо сабагын баштоого уруксат этиңиздер!

Элибизди эл кылып, улут катары таанытып келаткан улуу белгибиз бул – эне тилибиз кыргыз тили.

Келгиле, биргеликте дүйнөдө теңдеши жок алп «Манастай» дастандарды жараткан эне тилибиз жөнүндө ой бөлүшөлү.

**1-окуучу:** Эне тил жөнүндө ырды көркөм окуйт.

**Эне тилим**

(Т.Арыков)

Эне тилим – өз тилим,
Эси жоктук иш кылат,
Өзүнүн эне тилинде
Сүйлөбөсө сөздү ким.

Уккан сайын көнүгөн,
Эне тилим – эгизим.
Сүзүп өттүм өзүнөн,
Акыл-билим деңизин.

Эне тилим – намысым,
Эне тилим – арым да.
Билбейм жолдун алысын,
Эне тилим барында.

Эне тилим – керегим,
Сенде менин дарегим.
Сен турганда мен барм...

Сканировано с CamScanner

Сен турганда бар элим.

Эне тилге кайрылып,
Бак-таалайлуу болмокмун.
Эне тилден айрылып,
Калган күнү мен жокмун.

**Алып баруучу:** Достор, билесиңерби, эмне үчүн бүгүн Эне тил күнүн белгилеп жатабыз? Келгиле, чогуу бул багыттагы маалыматтарды угалы.

**2-окуучу: 21-февраль – ЭНЕ ТИЛ күнү**

21-февраль – ЮНЕСКО тарабынан эл аралык Эне тил күнү катары белгиленген.

Бул күн 1999-жылы Бириккен Улуттар уюмунун агартуу, илим жана маданият маселелери боюнча уюму – ЮНЕСКО тарабынан жарыяланып, ошондон бери жыл сайын маданий жана тил байлыгын өркүндөтүү максатында белгиленип келе жатат.

Кыргыз тили – кыргыздардын эне тили, түрк тилдеринин кыргыз-кыпчак тобуна кирет. Кыргыз тили 1924-1927-жылдары реформаланган араб алфавитинин негизиндеги, 1927-1941-жылдары латын алфавитинин негизиндеги жазууда болгон. 1935-жылы кыргыз тилинин алфавитин кириллицага өткөрүү боюнча катуу талкуу жүрүп, 1941-жылдан тартып кириллица жазуу системасы колдонулууда. Жазуу системаларынын өзгөрүшү менен бирге кыргыз тилинин орфография эрежелери да улам такталып келе жатат.

**Алып баруучу:** Бүгүнкү күндө жоголуп кетүү коркунучунда турган тилдер бар. Алар кайсы тилдер экен? Чогуу угалы.

**3-окуучу:** Жоголуу коркунучундагы тилдер катары учурда дүйнө жүзүндө 6700дөн ашуун тил катталган. Тилчи-окумуштуулардын маалыматына таянсак, ар бир 14 күндө дүйнөдө бир тил жоголуп кетүүдө. Бул тилдер ошол тилде сүйлөгөн саналуу кишилердин акыркылары дүйнө салып кетишине байланыштуу жоголууда. Эгер минтип отурса, ушул жүз жылдыктын соңуна дейре дүйнө тилдеринин тең жарымы биротоло жоголуп кетүү коркунучуна туш келиши ыктымал.

Мындай тилдердин катарына 200гө жакын адам сүйлөгөн **кет тилин** кошсо болот. Бул тилди Сибирдеги Енисейдин өйдө жагындагы айрым кыштактардан гана угууга болот. Ошондой эле Ооганстанда жүз чакты адам сүйлөгөн **тирахи тили**, Арменияда 50дөн ашык адам сүйлөгөн **ловмарен тили** да жоголуп кетүү коркунучундагы тилдердин катарында.

4-окуучу: Гарвард университетинин тил аалымы, жоголуп кетүү коркунучундагы тилдер институнун директору Грегори Андерсон тилдин жоголуусун мындай жагдай менен байланыштырат:

- Басым кылган тилде сүйлөгөн эл же этникалык топтор, негизинен, экономикалык жактан кубаттуу. Көпчүлүк же кайсы бир этникалык топтун үстөмдүгү астында экономикалык активдүүлүк күчөгөн шартта социалдык-экономикалык өсүү же байлык топтоо жолунда ошол тилди колдонуу керек болсо, көп адам ошол жолду тандайт.

**5-окуучу:** Тил адистери мындай болбогон учурда анда ошол азчылык социалдык кызымдарга кабылышы мүмкүндүгүн да айтат. Азчылыктын тили көбүнчө ишкердик жагдайда көп колдонулган тилдерди үйрөнүүдө унут...

кылган элдердин тили азчылыктын тилин колдонуудан чыгарып салат. Мындай көрүнүш Орусиянын Сибирь аймагында көп кездешүүдө.

**Алып баруучу:** Балдар, биздин эне тилибиз – кыргыз тилинин жагдайы кандай болду экен? Бул нерсе баарыбызды кабатыр кылат болуш керек? Көңүл бөлөлү.

**6-окуучу:** Кыргыз коомчулугунда буга чейин кыргыз тили да ушундай жоголуп кетүү коркунучундагы тилдердин тизмесинде экен дегендей тынчсыздануулар айтылган эле. Бирок тиешелүү адистер муну четке кагып, бул маселе Кытайдагы Фүю кыргыздарынын тилине байланыштуу чыкканын айтышкан.

**7-окуучу:** Ар бир тил өзүнчө кайталангыс улуу мурас, интеллектуалдык байлык. Адамзат ошол кайсы бир тилден ажыраган сайын ошондой мурастарынан ажырап келатат, биз кайталангыс нерселерден улам айрылып келатабыз. Бирок кыргыз тилине карата мындай маселени коюуга болбойт. Анткени бир миллион адам сүйлөгөн тил эч качан жоголбойт деген да аныктама бар. А кыргыз тилин азыр дүйнө жүзү боюнча 5 миллиондой адам колдонуп жатпайбы. Демек, кыргыз тилин жоголуп бараткан тилдердин катарына кошуу мүмкүн эмес.

Кыргыз тили бай, анын тамыры тереңде. Ал азыр бардык илимдердин тили болгонго да толук кудуреттүү. Болгону биз ушуну далилдеп, тастыктап беришибиз керек. Ошондо биздин тилибиз дагы да ачылат. Ошондуктан мен кыргыз тили жарды, мүмкүнчүлүгү чектелүү дегендерге кошулбайм.

**8-окуучу:** Канткен менен акыркы жылдарда кыргыз тилине байланышкан бир катар сөздүктөр чыгышын тилге аз да болсо көңүл буруу катары баалагандар да жок эмес. Ошол эле учурда расмий жыйындар, ак үй-көк үйдөгү чогулуштар көбүнчө расмий аталган орус тилинде өтүп жатышына, көбүнчө өлкө жетекчилеринин сөздөрүн эл өз мамлекетинде бөтөн тилде угуп жатканына кабатыр болгондор да арбын.

**Алып баруучу:** Балдар, **кыргыз тилин биргеликте колдойлу.**

Биз, Кыргызстан чоң держава эмеспиз, биз империянын балдары эмеспиз. Биз калкы 5 эле миллион, анын дагы таза кыргыздар 3 -3,5 миллион болгон жөнөкөй гана өлкөбүз. Ошондуктан өз тилибизди, маданиятыбызды, каада- салтыбызды, үрп-адаттарыбызды, улуттук намысыбызды коргош үчүн чоң мамлекеттерге караганда көбүрөөк аракет кылышыбыз керек. Анткени, чоң балык кичинекей балыкты жеп коёт. Жем болбош үчүн ар бир атуулдун милдети кыргыз тилин коргоо деп эсептейм. Бул милдетти ким кандай аткарып жатат же кандай аткарышыбыз керек? Өзүбүз, биринчиден, каяктан чыкканыбызды, ата-бабаларыбыздын тарыхын, кыргыз тилин, жакшылап билишибиз керек. Дарт каякта экенин билбей туруп дарман таба албайбыз.

Атуулдук аң-сезим ар бир жаранда бар болушу керек. Мен ата-энем сүйлөгөн, ата-бабаларыбыз адырларда кой бакса да, жайлоодо жатса да сүйлөгөн тилде сүйлөйм. Эпостордун океаны болгон «Манас» дастаны жазылган, ар бир кыргызга таандык болгон «Эне тилим» менен сыймыктанам.

**1-окуучу: Кыргыз тили жоголуп кетеби? Силер кандай ойлойсуңар, достор?**

Жер шарындагы 6 миллиарддан ашык эл болжол менен 6 миң тилде сүйлөйт. Бириккен Улуттар Уюмунун изилдөөлөрүнүн негизинде 21-кылымдын аягына чейин



Сканировано с CamScanner

# 21-февраль ЭНЕ ТИЛ КҮНҮ

21-февраль ЮНЕСКО тарабынан эл аралык Эне тил күнү катары белгиленген.

Бул күн 1999-жылы бириккен Улуттар уюмунун агартуу, илим жана маданият маселелери боюнча уюму-ЮНЕСКО тарабынан жарыяланып, ошондон бери жыл сайын маданий жана тил байлыгын өркүндөтүү максатында белгиленип келе жатат.

Сканировано с CamScanner

# Накыл кептер.

- Тил тагдыры-эл тагдыры.

- Элсиз тил болбойт,
  Эне тилсиз эл болбойт.

- Ата сөзү алга сүйрөйт адамды,
  Эне сөзү эпке салат жаманды.

- Ооздун көркү- тил,
  Тилдин көркү – сөз.

Сканировано с CamScanner

# Залкар жазуучубуз Ч.Айтматов:

«Кылымдан кылым өтүп, кыргыз эли жер үстүндө жашап турса, кыргыз тили да жашай берет»-деп айткандай, эне тилибиз-кыргыз тили нечендеген кылымдар бою жашап келген, жашап жатат жана да жашай бермекчи!

Сканировано с CamScanner

Адам деген башка тилдерди
башка элдердин кулу болбос
үчүн үйрөнсө , өз тилин башка
элдерге кулдун тили эмес экен-
дигин көрсөтүш үчүн үйрөнөт .
Анткени кулда гана тил болбойт.

Сканировано с CamScanner